«Бекитемин»
И. Раззаков атындагы
КМТУнун Политехникалык колледжинин
мүдүрү Турусбекова Н. К.
________________
«___» _______ 2013 ж.

«Макулдашылды»
И. Раззаков атындагы
КМТУнун ректору
Дүйшөналиев Т. Б.
________________
«___» _______ 2013 ж.

## И. Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин Студенттик өзүн өзү башкаруу Кеңешинин Уставы

### 1 Жалпы жоболор

1.1. И. Раззаков атындагы КМТУнун студенттик өзүн өзү башкаруу кеңеши (мындан ары Студкеңеш) ушул жободо көрсөтүлгөн жалпы максаттарды ишке ашыруу үчүн таламдарынын бирдейлиги негизинде бириккен студенттердин өзүн өзү башкаруу формасы болуп саналат.

1.2. Кеңеш өзүнүн ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясы “Билим жөнүндө”, “Коомдук бирикме жөнүндө” мыйзамдарды, Кыргыз Республикасынын жаштар саясаты, жөнүндө Концепциясын, Кыргыз Республикасынын билим жана илим министирлигинин нормативдик мыйзамдык актыларын, Колледждин Уставын жана ушул Жобону колдонмо кылып алат.

1.3. Кеңеш Кыргыз Республикасынын территориасында жана чет өлкөдө өзүнүн максаттарын жана милдеттерин ишке ашыруу үчүн колледждин бардык бөлүмдөрү (мындан ары колледж), башка коомдук – коммерциялык, кайрымдуулук жана башка уюмдар менен бирге аракеттенет.

1.4. Кеңештин ишкердиги айкындуулугу жана коомдук мүнөз түрдө болот.

### 2 Ишкердиктин негизги максаттарынын жана милдеттеринин багыттары

2.1. Кеңештин ишкердигинин негизги максаты чыгармачылык потенциалдык абдан толук ачылышы, студенттердин маданий, чыгармачыл жана уюштуруу керектөөсүн канааттандыруу, профессионалдык даярдоо деңгээлин жакшыртуу, аларда атуулдук активдүү позицияны түзүү, өзүн өзү башкаруу ыгына машыгуу, аларды коомдук турмушка катышууга даярдоо болуп саналат.

2.2. Кеңеш өзүнүн максаттарын ишке ашыруу үчүн төмөнкү милдеттерди чечет:

- жаштар иши боюнча мамлекеттик органдардын жана колледждин администрациясынын алдында студенттердин кызыкчылыгын жана укугун коргоо;

- студенттердин чыгармачыл, илимий – методикалык ишим уюштуруусуна окуу процессинин жакшыруусуна жардам көрсөтүү;

- студенттердин профессионалдык даярдыгын жакшыртууга жана чыгармачыл потенциалын ишке ашыруу үчүн шарт түзүү;

- студенттердин материалдык жана тиричилдик абалын жакшыртууга шарт түзүү, алардын социалдык көйгөйлөрүн чечүү;

- студенттер чөйрөсүндөгү ассоциация көрүнүшүн профилактикалоо;

- студенттер чөйрөсүндө жалпы маалыматтык мейкиндик түзүү;

- Кыргыз Республикасында жана чет өлкөдө коомдук бирикмелер, студенттик, жаштар жана башка мекемелер менен кызматтык байланышты өнүктүрүү.

## 3 Студенттик өзүн өзү башкаруу кеңешинин түзүлүү тартиби жана структурасы

3.1. Кеңешти түзүү жөнүндө жана Кеңеш жөнүндө Жобо кабыл алуу үчүн конференция чакырылат, дагы Кеңеш жөнүндөгү Жобого өзгөртүүлөрдү киргизет, кеңештин отчетун угат жана бекитет, Кеңештин ишмердигинин приоритеттүү багыттарын аныктайт, Кеңештин ар кандай деңгээлдеги укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу маселесин чечет.

3.2. Конференция бир жылда бирден кем эмес өткөрүлөт. Конференциянын өтө турган датасын жана убагын, өкүлдүк нормаларын, дагы конференциянын күн тартибин колледждин Кеңеши аныктайт.

3.3. Конференциянын чакырылышы жөнүндө колледждин Кеңеши өткөрүүгө 1 айдан кем эмес мөөнөттөн мурда жарыялоого милдеттүү.

3.4. Конференциянын делегаттары болуп бардык окуу тайпаларынын, курстардын, циклдердин старосталары, кураторлор Кеңешинин, студенттик жатакана кеңешинин мүчөлөрү саналат.

3.5. Конференцияга делегаттардын 2/3 кем эмеси катышса, анда укуктуу болуп саналат.

3.6. Эгер ушул жободо башка каралбаса, Конференцияда кароого коюлган маселелердин чечилиши, катышкан делегаттардын көпчүлүгү жөнөкөй добуш менен кабыл алынат.

3.7. Кеңеши жана окуу тайпасынын студенттик өзүн өзү башкаруу Кеңешинин төрагасы тайпалардын жалпы чогулушунда көпчүлүк жөнөкөй добушу менен шайланышат. Чогулуш студенттердин жарымынан көбү катышкан шартта чечим кабыл алууга укуктуу.

Шайлоо айкын жана ачык болуп саналат. Шайлоого катышууга студенттер, колледждин окутуучулары катышууга укуктуу.

Башка кандидаттарга салыштырмалуу көбүрөөк добуш алган кандидат, шайланды деп эсептелет.

Студенттик өзүн өзү башкаруу кеңешинин төрагасын шайлоо мөөнөтү, шайлоо өткөрүү тартиби жана кандидаттарды көрсөтүү окуу тайпаларынын студенттик өзүн өзү башкаруу Кеңешинин, кураторлор кеңешинин төрагаларынын чогулушунда аныкталат. Чогулуш шайлоо процессин уюштуруу

комиссиясын шайлайт. Комиссияга колледждин Кеңеши сунуштаган циклден бирден кем эмес төрага кирет.

3.8. Колледждин окуу корпусунда жана жатаканасында студенттерди коомдук тартипти сактоого жана тартипти бузуу менен күрөшүүгө чукул кырдаал түзүлгөн жагдайда жардам көрсөтүүгө тартуу максатында СУТО (студенттик укук тартиби отряды) кызматы аракеттенет.

3.9. СУТОнун жетекчилиги (студенттик укук тартиби отряды) конференцияда 1 – 2 жыл мөөнөткө шайланат. СУТОнун командирин шайлоо тартиби окуу тайпаларынын студенттик өзүн өзү башкаруу кеңешинин төрагасын шайлоо менен бирдей.

3.10. Кеңештин бардык деңгээлдеги төрагасы 2 жылдык мөөнөткө шайланат. Кеңештин төрагалыгына 2 жылдык мөөнөттөн ашык эч ким шайлана албайт

3.11. Колледждин студенттик Кеңеши секторлордун составын түзөт жана бекитет (комиссия, комитет ж.б.) алардын ичинде төмөндөгүлөр болушу мүмкүн:

- окуу – тарбиялык сектору;
- социалдык – турмуш иштери сектору;
- илимий ишмердик сектору;
- маданий – массалык сектору;
- жарандык – патриоттука тарбиялоо сектору;
- спорттук – ден-соолукту жакшыртуу сектору;
- укук тартиби сектору;
- коомчулук менен байланышуу сектору.

## 4. Студенттик өзүн өзү башкаруу Кеңеши менен колледждин башкаруу органынын бирдикте аракеттешүүсү

4.1. Студенттик өзүн өзү башкаруу Кеңеши менен колледждин башкаруу органынын өз ара катнашы студенттик өзүн өзү башкаруу Кеңешинин Жобосу менен жөнгө салынат.

4.2. Студенттик өзүн өзү башкаруу Кеңеши менен колледждин башкаруу органы менен кызматташтык жана автономиялык принциптеринин негизинде бирдикте аракеттенет.

4.3. Студенттик өзүн өзү башкаруу Кеңешинин жыйынына колледждин башкаруу органынын өкүлдөрү катыша алат.

4.4. Студенттик Кеңештин сунуштары Колледждин башкаруу органдарынын ылайыгына жараша каралат.

4.5. Колледждин тиричилик аракетинин маселелерин чечүүдө колледждин туура келген деңгээлдеги студенттик өзүн өзү башкаруу Кеңешинин пикирин эске алат.

## 5. Студенттик өзүн өзү башкаруу Кеңешинин укуктары жана милдеттери

5.1. Студенттик өзүн өзү башкаруу Кеңеши укуктуу:

- колледждин студенттеринин кызыкчылыгын коргогон маселени иштеп чыгууга жана нормативдик актыларды өркүндөтүүсүнө катышууга;
- билим берүү процессинин сапатын баалоого, катышууга, колледждин башкаруу органына сунуштарды даярдоого жана киргизүүгө, студенттердин илимий жана профессионалдык кызыкчылыгын эске алуу менен аны оптимизациялоого, окуу сабагынын жүгүртмөсүн, сынактардын, зачеттордун өткөрүү графигин корректировкалоого, өндүрүштүк практиканы уюштурууга, студенттердин турмушун жана эс алуусун уюштурууга;
- студенттердин кызыкчылыгын козгогон социалдык – турмуштук жана башка маселелерди чечүүгө катышууга, анын ичинде маданий – массалык жанан спорттук – ден соолукту жакшыртуу иш – чарасына, эс алууга, дарылануууга бөлүнгөн дотацияны жана каражатты бөлүштүрүү;
- студенттердин окуу тартибин жана ички тартип эрежелерин, аны менен бирге студенттик жатаканада бузууга байланыштуу маселелерди коргоого катышуу;
- студенттерди ар кандай сферадагы окуу жана окуудан тышкары ишмердигинде жетишкендиги үчүн, анын ичинде студенттик өзүн өзү башкаруу Кеңешинин ишмердигине жана колледждин коомдук турмушуна активдүү катышкандарды сыйлоо системасын иштеп чыгууга жанан анын ишке ашуусуна катышуу;
- студенттердин арыздарын жана даттанууларын кароого, текшерүүгө катышуу;
- колледждин башкаруу органынан студенттик өзүн өзү башкаруу Кеңешинин ишмердигине керектүү маалыматты бекитилген тартипте суроо жана алуу;
- колледждин имараттарын жана материалдык – техникалык базасын колдонуу маселелерин чечүү боюнча сунуштарды киргизүү;
- колледждин башкаруу органынын карамагына тиешелүү маалыматтарды бекитилген тартипте колдонуу;
- студенттердин кызыкчылыгын козгогон буйруктарды бекитилген тартипте жогорку органдарга даттануу;
- студенттердин укугу жана эркиндиги, дагы студенттик өзүн өзү башкаруу Кеңешинин укугу чектелген жана бузулган учурда, колледждин башкаруу органына бузулган укуктарын калыбына келтирүүгө чара кабыл алуу жана күнөөлүлөргө тартиптик таасир көрсөтүү;
- студенттердин укугун жана эркиндигин, дагы студенттик өзүн өзү башкаруу Кеңешинин укугун коргоо үчүн каршылык көрсөтүүнүн мыйзамдуу формаларын аныктоо жана пайдалануу;
- колледжде түзүлгөн Кеңештердин ишине (комитеттердин, секторлордун, комиссиялардын ж. б.) катышуу.

5.2. Студенттик өзүн өзү башкаруу Кеңеши милдетүү:

- студенттердин ЖОЖдун мүлк комплексине аяр мамиле кылуусун тарбиялоо, сезимдүүлүгүн жогорулатууга багытоо жана алардын өз

билимдеринин деңгээлин талап кылуу боюнча иш жүргүзүү, студенттик жатаканада жана окуу корпустарында окуу тартибин, ички тартипти бекемдөө, студенттердин жарандык аң сезимин жогорулатуу, патриоттуулук, жоопкерчиликтүү, милдетүүлүк сезимдерин тарбиялоо;
- студенттер менен уставды жана колледждин ички тартип эрежелерин аткаруу боюнча ищ өткөрүү;
- колледждин башкаруу органына окуу ишмердигинин маселелери боюнча жардам көрсөтүү;
- студенттик өзүн өзү башкаруу Кеңешине түшкөн студенттердин бардык арыздарын жана кайрылууларын бекитилген тартипте өз убагында кароо;
- жоболорго жана студенттик өзүн өзү башкаруу Кеңешинин окуу жылынын планына ылайык иш жүргүзүү;
- студенттердин социалдык маанилүү демилгелерин колдоо;
- студенттердин социалдык – турмуштук шартына, дагы окуу жана эс алуусуна тиешелүү шарттарды түзүүгө жардам көрсөтүү ;
- студенттердин кызыкчылыгын колледждин башкаруу органынын, мамлекеттик органдарынын, коомдук бирикмелердин, башка мекемелердин, уюмдардын алдында коргоо жана сунуш кылуу;
- колледждин башкаруу органына өз ишмердиги жөнүндө деңгээлине ылайык маалымдоо.

## 6. Студенттик өзүн өзү башкаруу Кеңешинин ишмердигин камсыздоо

6.1. Колледждин башкаруу органы студенттик өзүн өзү башкаруу Кеңешинин ишмердигин камсыз кылуу үчүн чыгымдарды тартат.

6.2. Студенттик өзүн өзү башкаруу Кеңешинин ишмердигин камсыз кылуу үчүн, колледждин башкаруу органы кабинеттери, байланыш каражаттары, оргтехниканы жана башка керектүү материаладарды, каражаттарды жана жабдууларды бекер берет.

## 7. Студенттик өзүн өзү башкаруу Кеңешинин ишин уюштуруу мотивациясы

7.1. Колледждин студенттер ишине түрткү берүүсүнө караштырылган:

7.1.1. Моралдык түрткү берүү:
- өздүк ишине кийирүү менен диплом, грамота, иш – чарага катышуу күбөлүгү менен сыйлоо;
- колледждин, бөлүмдөрдүн, тайпалардын коомдук ишмердигине активдүү катышкандыгы үчүн директордун, директордун орун басарынын, кураторлордун атынан алкыш жарыялоо.

7.1.2. Материалдык түрткү берүү:
- окуудан тышкары иш – чарага активдүү катышкандарга же жеңүчүлөргө бир жолу берилүүчү төлөм;

7.2. Материалдык түрткү берүү колледжде ылайык каражаттар бар болсо таратылат.

## 8. Студенттик өзүн өзү башкаруу Кеңешинин мүчөлөрүнө колдонулуучу жазалоо чаралары

8.1. Жыйынтык чечими менен Кеңештин мүчөлөрүнө төмөнкү санкциалар колдонулушу мүмкүн:

- сөгүш;
- рейтинг тизмесине жаза баллын киргизүү.

## 9. Студенттик өзүн өзү башкаруу Кеңешинин жоопкерчилиги

9.1. Студенттик өзүн өзү башкаруу Кеңеши иштеген иши жөнүнде администрациянын жана студенттердин туура келүүчү жыйналышынын алдында үзгүлтүксүз отчет берет.

9.2. Кеңештин ар бир мүчөсү өзүнө бекитилген милдетти аткаруу үчүн жеке жооперчилик алат.

## 10. Жоболорго өзгөртүү жана кошумча кийирүү тартиби

10.1. Ушу Жобо Конференцияда бекитилген учурдан баштап күчүнө кирет.

10.2. Жоболорго өзгөртүүлөр жана толуктоолор конференцияда кабыл алынышы мүмкүн. Жоболорго өзгөртүүлөр жана (же) толуктоолор конференцияга катышкандардын көпчүлүгү ачык түз добуш берүүсү менен кабыл алынат.

10.3. Жоболорго толуктоолорду жана (же) “дарылоону” киргизүү демилгеси менен чыгуу укугуна төмөнкү субъектилер ээ болушат:

- төрага;
- берилген чечимдерди колдоого Кеңештин мүчөлөрүнүн жарымынан көбүнүн кол тамгасын топтогон демилгелүү тайпанын өкүлү;

## 11. Ишмердикти токтотуу

11.1. Кеңештин ишмердигин токтотуу чечими конференцияда кабыл алынат.

11.2. Кеңештин ишмердигин токтотуу чечими конференциянын делегаттарынын 3/2 ден кем эмес добушу менен кабыл алынат.

11.3. Кеңешти жоюу тартиби конференцияда андагы жоюу жөнүндө чечим кабыл алынганда аныкталат.

Иштеп чыкты:
Улук окутуучу А. Т. Токтобаев.